327

# Молдо Кылычтын ырлары

Инв. 4

## Мазмуну

### М. Кылыч


| | бети |
|---|---|
| 1. Молдо Кылычтын кыскача тарыхы. | 1-3. |
| 2. Зарзаман. | 4-73. |
| 3. Чүй өзөнү. | 74-98. + 143-166 |
| Зилзала — | 1-18 |

в 329
Языка, литературы и истории
ОТДЕЛ РУКОПИСЕЙ
Инв. № 4
13/15. 1981 г.
Кир. ФАН СССР гор. Фрунзе

## Молдо Кылычтын кыскача тарыхы. 1)

Түндүк кыргызында Тагай насилинен Дөөлөстүн кенже уулу кадымки манап тукумунан Темирдин балдары, Абайылданын баласынын баласы, атактуу Төрөкелдинин бир аталаш туугандары Шамыркандын 1875-жылында /донуз жылы/ Кочкордо туулуп атын Кылыч койгон. Кичине чагында кыргызча окуп, 1892-1893-жылдар чамасында ыр-өлөң жазышка абдан ынты-зынтын коюп, ашта-тойдо ырдаштан токтолуп намызданган, абалы ырды жазып, анан соң элге окуп берген. Комузга салып айтууну Абайылда адет кылып, кийин комуз, домбура менен айтуудан акындыкка тоскоолдук келтирет экен деп, домбурасыз айтууга адеттенген. Манап насилинен болсо да, эл бийлеп, калк ишине катышууга көңүл бербеген. Өтө жарды болуп, азын-оолак дыйканчылык менен оокаттанган. Эртели, кеч суу бойлоп басып, таза жерге олтуруп, ар түрдүү өсүмдүк байкап көрүп, айланасындагы табийгаттан тажрыйба алып, курт-кумурска, канаттуулардын алдуу, алсыздарын текшерип, анан өлөң кылып жазган. 1917-жылында, 42 жашында каза болгон, кабыры туулган жери Кочкордо.

Бети кызылдуу, сепкили жок, жүзү абыдан толук, тегерек чоң кара көздүү, орто бойлуу семизче, чоңурак кара мурут, ээгинде кичине чокчо кара сакалы болуп, жаактарына сакал чыкпаган. Кийимди өтө таза кийинип, денин таза тутуп, диндар болгон. Өмүрүнде көп кыссалар жазып, алардын бир канчасы элге жайылган. Ар жазган кыссасын арттырбастан, кемитпестен, жана да бай, манап улукка кошомат кылбастан, алардан жана да айтууга дүнүйө талап

1) Молдо Кылычтын чыгармаларын жыйнаган өзүнө жазып алган Бекен Солтоноевдин жазгандары инв. №1317.

кылбастан тууралык менен жазган.

Мен 1913-жылы апрель айында Ат-башы, Нарындан келе жатып Карагоодо Кылычка жолугуп, 4-5 күн бирге жүрүп калдым. Мурун 1911-жылында Конур-жайлоодо көрүп тааныштым эле, бул сапарда алып жүргөн кысаларынан төмөндөгүлөрдү көчүрүп алдым, шашканымдан, Кеминде үйгө барганда көчүрүп алдым.

Кылычтын айтканындай эң биринчи тырмак алды жазганым:

| | | |
|---|---|---|
| 1. | Арман кыз.-кыз, жигит-деди. | 190 жол |
| 2. | Зар заман " " " | 1950 " |
| 3. | Канаттуу " " " | 480 " |
| 4. | Бүркүттүн тою /манаптын элди кыйнап, чыгым алып той бергени/ | 260 " |
| 5. | Чүй өзөнү /Чүйгө жолоочулап келип жазганы/ | 650 |
| 6. | Жинди суу /1911-жылында Кеминге жолоочулап келип жазган/ | 300 " |
| 7. | Алдамчы /Токмокко келип жазган/ | 240 " |
| 8. | Зилзала 1911-жылы | 480 " |
| 9. | Санат | Табылбады |
| 10. | Кочкор ата | Табылбады |

11. Керме-тоо-Ала-тоо /1912 -жылында Жумгалда кудасына барып келип жазган - - - - 700 жол.

12. 1916-жыл 350 "

13. Манап, букара деп бир кыса жазган- табылбады.

14. Кийин 1916 - жылдагы кыргыз көтөрүлүшүн жазып, аягына чыга электе каза тапкан.

Мен Белекке Кылычтын айтканы:

Мен китептерден окудум, казак, кыргыздын акындарынын айтканын дагы көп уктум, бирок булардын барысынан артыгын казактан экен Сүйүмбай, кыргыздан Арстанбек деди.

Белектин байкоо:

Кыргыздын башка акындардан артыкчылыгынын бири эч убакта ырды чорно байлап жазбаган, ойлобостон анчалык такалбастан, бир жазып кеткенин кайта текшерип оңдобостон, майданга салган. Ырдын уйкаштыгына өтө назар салбастан, сөздүн тереңин алып жазган. Маселен, "Зилзаланы" 1910-жылында биздин эл /Кеминге/ келип жазганда көчүрүп алдым эле, кийин басмадан чыкканда, эч бир өзгөртүлбөгөн.